КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
СОЦИАЛДЫК ФОНДУ

СОЦИАЛЬНЫЙ ФОНД
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

14.04.25 № 47

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда мамлекеттик тилди өнүктүрүү жөнүндө

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы № 510 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда (мындан ары – КР СФ) 2025-2026-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. КРСФ борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелери, регриондук органдары:

- Иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттөрдө аткаруу боюнча конкреттүү чараларды көрсүн;
- аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча маалыматты мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү секторуна жөнөтсүн;
- иш кагаздарды, расмий документтерди (буйрук, жобо, нускама, резолюция, кызматтык кат, арыз ж.б.) толук мамлекеттик тилде жүргүзсүн;
- расмий, мамлекеттик коомдук-саясий иш-чараларды (коллегиялык жыйын, аппараттык кеңешмелер, жыйындар, кеңешмелер, сүйлөшүүлөр жана башка иш-чаралар) мамлекеттик тилде өткөрсүн.

3. Иш кагаздарын жүргүзүү жана электрондук документ жүгүртүү бөлүмү бул буйрукту КР СФ борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ведомстволук мекемелерине жана регриондук органдарына жеткирсин.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын орун басары У. Жума уулуна жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Дж. Алиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Кыргыз Республикасынын**
**Социалдык фондунун**
**2025-ж. «14» 04**
**№ 47 буйругуна тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда 2025-2026-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планы

| № | Милдеттер | Аракет | Жооптуу аткаруучулар | Талап кылынган каражаттар, каржылоо булагы | Күтүлүүчү натыйжалар | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мекемедеги иш кагаздардын, расмий документтердин мамлекеттик тилде жазылышын камсыз кылуу | Иш кагаздарды, расмий документтерди (буйрук, жобо, нускама, милдеттенме, кызматтык кат, демилгеленген каттар, арыз ж.б.) толук мамлекеттик тилге өткөрүү | КР СФ түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелери, региондук органдары, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору | Талап кылынбайт | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарынын аткарылышы, Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин сакталышы | Дайыма |
| | | Иш кагаздардын тууралыгын текшерүү | | | | |
| 2 | Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик тилдеги вариантына | Лингвистикалык экспертизага келген ченемдик укуктук актылардын өз убагында | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору | Талап кылынбайт | Мамлекеттик тилдеги ченемдик укуктук актылар менен толук камсыз болушу | Дайыма |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | лингвистикалык экспертиза жүргүзүү | лингвистикалык экспертиза жүргүзүлүшүн камсыздоо | | | | |
| 3 | Мамлекеттик тилге байланышкан программалык продуктуну киргизүү | «Тамга кит» программасынын жаңы версиясын, (ө,ү,ң) тамгаларынын жайгаштырылышы боюнча программалык продукттарды киргизүү | Санариптик өнүктүрүү башкармалыгы, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору | Талапка жараша, бюджеттин алкагында | Иш кагаздарынын мамлекеттик тилде сабаттуу жүргүзүлүшү | Дайыма, талапка жараша |
| 4 | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде сапаттуу жүргүзүлүшүнө көмөк | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү жол жобосу тууралуу тренинг-семинар уюштуруу<br>Кеңеш берүү сааттарын уюштуруу, иш кагаздарын жүргүзүүдө кетирилген каталардын үстүнөн иштөө | борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелер, региондук органдар, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору | Талап кылынбайт | Иш кагаздарын мамлекеттик тилде сабаттуу жүргүзүлүшү, Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин сакталышы | Дайыма, талапка жараша |
| 5 | «Кыргызтест» системасы аркылуу мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо | Кызматкерлердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин В2 деңгээлинен жогору болушун камсыздоо | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, борбордук | Талапка жараша | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №757 токтомунун аткарылышы | «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин графигине ылайык |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелер, региондук органдар | | | |
| 6 | Эл аралык эне тил күнүнө карата семинар-лекция уюштуруу | Эл аралык эне тил күнүнө карата иш-чара | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, Окуу борбору мекемеси, региондук органдар | Талап кылынбайт | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы ПЖ № 157 «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыгынын аткарылышы | Февраль |
| 7 | «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу темасында семинар-лекция уюштуруу | «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгу жолу темасында семинар-лекция | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү, ведомстволук мекемелер, региондук органдар | Талап кылынбайт | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу жөнүндө» Жарлыгынын аткарылышы | |
| 8 | Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо системасында колдонулган терминдердин, сөз | Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо системасында колдонулган терминдердин, сөз айкаштардын орусча-кыргызча сөздүгү | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору | Талап кылынбайт | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын | 2025-жыл |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | айкаштардын орусча-кыргызча сөздүгүн чыгаруу | | | | талаптарынын аткарылышы | |
| 9 | Региондук органдардын, ведомстволук мекемелердин имаратындагы көрүнөө маалыматтар, бланктардын мамлекеттик тилде жана туура жазылышы жана иш кагаздардын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө мониторинг жүргүзүү | Региондук органдардын, ведомстволук мекемелердин имаратындагы көрүнөө маалыматтар, бланктардын мамлекеттик тилде жана туура жазылышы жана иш кагаздардын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө мониторинг | Иш кагаздарды жүргүзүү жана электроондук документ жүгүртүү бөлүмү, Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, ведомстволук мекемелер, региондук органдар | Талапка жараша | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарынын аткарылышы, Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин сакталышы | 2024-2025 |
| 10 | Мамлекеттик тил күнүнө карата салтанаттуу иш-чара уюштуруу | Мамлекеттик тил күнүнө карата иш-чара | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү ведомстволук мекемелер, региондук органдар | Талапка жараша | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарынын аткарылышы | III квартал |
| 11 | Жыл жыйынтыгын чыгаруу | Жүргүзүлүп жаткан иш кагаздарындагы | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана | Талап кылынбайт | «Кыргыз Республикасынын | Жыл аягы |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | сабатсыздыкты жоюу алкагында иш жүргүзүү, кетирилген катлар боюнча кеңеш берүү | лингвистикалык экспертиза жүргүзүү сектору, борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү ведомстволук мекемелер, региондук органдар | | мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарынын аткарылышы, Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин сакталышы | |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Төраганын орун басары | У. Жума уулу |
| Аппарат жетекчи | Б. Бообеков |
| Юридикалык башкармалыктын начальниги | Ш. Халимов |
| Административдик чыгымдарды пландоо жана эсепке алуу бөлүмүнүн башчысы | Ж. Мусуркулова |
| Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмүнүн башчысы | А. Орозова |
| Иш кагаздарын жүргүзүү жана электрондук документ жүгүртүү бөлүмүнүн башчысы | Г. Кадырова |
| Маалыматтарды контролдоо жана топтоо бөлүмүнүн башчысы | С. Калыбаева |
| Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза жүргүзүү секторунун башчысы | Т. Ниязакунов |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН